менен үндөш. Эне тилди жана руханий баалуулуктардын педагогикалык негиздерин үйрөтүүдө, чыгарма аркылуу тилге жана руханий баалуулукка тарбиялоодо,төмөнкүдөй ыкмалар менен окутуу сунушталат: Чыгарма боюнча интерактивдүү талкуулар: Дебаттар:“Эне тил – менин келечегим” Көркөм окуу жана сахналык көрүнүштөр:Эссе жазуу: “Мен киммин? Менин тамырым кайда?”Ролдук оюндар – Жоломан менен Найман эненин жолугушуусу. (сахналык көрүнүш).Тематикалык эссе: “Энем – тилим – тагдырым.”
**Салыштырма талдоо:** бүгүнкү жаштар жана Жоломандын ортосундагы окшоштук. Бул темада сабак өтүүдө төмөнкү методикалар да натыйжалуу. Студенттер “Эне тилди сактоо” боюнча мини-проект даярдашат.

**Дебат ыкмасы:** “Кыргыз тили — келечектин тилиби?” деген темада
**Ички рефлексия:** Чыгармадагы окуялар боюнча өз ойлорун кагазга түшүрүү.
**Корутунду:**Ч.Айтматов “маңкурт” образы аркылуу бизди өз түпкү тамырыбызды унутпоого чакырат. Азыркы билим берүү системасы бул чыгарманы активдүү колдонуу менен жаштардын тилге, салтка жана улуттук аң-сезимге болгон сүйүүсүн калыптандыра алат.[5;75]Чыңгыз Айтматовдун“Кылым карытар бир күн” чыгармасы дүйнөлүк деңгээлде мааниге ээ болгон, терең философиялык романдардын бири. Анда сүрөттөлгөн маңкурттук образы — улуттук аң-сезиминен, эне тилинен, тарыхынан ажыраган муундардын коркунучтуу келечегин чагылдырат.
чыгарма аркылуу учурдагы жаштарга эне тилдин жана руханий мурастын баалуулугун үйрөтүүнүн терең негиздери салынган. Жаштардын арасында чет тилди артык көрүү, улуттук маданиятты “эскирген” деп кабыл алуу – бул маданий маңкурттуктун заманбап формасы.Азыркы коомдо эне тилге болгон кайдыгерликти көптөгөн жаштарыбыздан байкоого болот. Бул көрүнүш“маданий маңкурттукка” алып келүүсү мүмкүн. “Кылым карытар бир күн” чыгармасы аркылуу маңкурттук маселеси – бүгүнкү билим берүүдө өтө маанилүү.[6;60]Студенттерге эне тилдин, улуттук маданияттын, эненин образындагы ыйыктыкты жеткирүү — бул руханий иммунитетти калыптандыруу. Айтматов бизди ушул багытка үндөйт.

**Адабияттар**


1. Айтматов Ч. “ Кылым карытар бир күн.” Роман. Бишкек: Кыргызстан [Текст] 1980
2. Мамытов К.“Руханий маңкурттук–коомдун трагедиясы”//Аалам, №3, [Текст] 2020
3. Рысбаев С. К.“Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн деңгээлдик негиздери жана анын дидактикалык талаптары ” Бишкек,[Текст] 2020
4. Токтомаматов А.“Кыргыз тилинин жашоосу– улуттун жашоосу”. Билим булагы, №1, 2021.
5. Рысбаев С.К.,Сыдыкова Б.Ч.Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз тилин окутуунун маселелери /Мугалимдер үчүн колдонмо. [Текст] Бишкек, 2002.
6. Асанов Т. Айтматовдун философиялык дүйнөсү. [Текст] Бишкек. 2012.
7. UNESCO. Atlas of the World’s Languages in Danger, 2022.


**УДК 37.091.4** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2%20(26).469**

## 12 ЖЫЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨГҮ АДАБИЙ ОКУУ ПРЕДМЕТИНИН МАЗМУНДУК БАГЫТТАРЫ

Сакиева Сайипжамал Салайдиновна - педагогика илимдеринин доктору
Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, Манас шаары, Кыргызстан
*ORCID: ID* 0009-0003-1520-3492, s-sakieva@mail.ru

# СОДЕРЖАТЕЛЬНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ ПРЕДМЕТА «ЛИТЕРАТУРНОЕ ЧТЕНИЕ» В 12-ЛЕТНЕЙ СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ

Сакиева Сайипжамал Салайдиновна- доктор педагогических наук
ЖАГУ имени Б.Осмонова, Город Манас, Кыргызстан
ORCID: ID 0009-0003-1520-3492, s-sakieva@mail.ru

# CONTENT AREAS OF THE SUBJECT “LITERARY READING” IN THE 12-YEAR EDUCATION SYSTEM

Sakieva Saipzhamal Salaidinovna - Doctor of Pedagogical Sciences.
JASU named after B. Osmonov Manas City, Kyrgyzstan
ORCID: ID 0009-0003-1520-3492, s-sakieva@mail.ru

**Аннотация**

Макаланын мазмуну 12 жылдык билим берүү системасындагы адабий окуу сабагындагы мазмундук багыттарга арналды. Макаланын мазмунун чечмелөөдө эн алгач мазмундук багыттарга арналган изилдөөлөргө жалпы мүнөздөмө берилип, алардын жетишкендиктери жана кемчилдиктери каралды. Ал эми 12 жылдык билим берүүгө арналгант предметтик стандарт, аларды практикалоонун шарттары талкууланды. Макалада мазмундук багыттын эволюциясы сүрөттөлдү. Окуу сабагында мазмундук багыттар, аларды пайдалануудагы, ишке ашыруудагы иш-аракеттери талкууланды. Мазмундук багытты практикалоонун формалары жана методдору талкууланды. Мында мазмундук багытты практикалоодо методдорду тандоо, аларды теманын мазмунуна жараша тандоо, классификацияланды, Мазмундук багыттын курамындагы компетенттүүлүк, алардын курамы да макалада чечмеленди. Мазмундук багыттын практикалоочу бөлүгү катарында баалоо, баалоонун түрлөрү чечмеленди. Мазмундук багытты практикалоодо диагностикалык, формативдик, суммативдик формаларын практикалоодогу орду, ролу белгиленди. Жалпысынан алганда, макалада окуу сабагындагы мазмундук багыт, анын формалары жана методдору талкууланды, аларды тажрыйбада колдонуунун сунуштары каралды.

**Түйүндүү сөздөр**. Адабий окуу предмети, мазмундук багыттар, окутуунун технологиялары, чыгармачылык компетенттүүлүк,окурмандык компетенттүүлүк

**Аннотация**

Содержание статьи было посвящено содержательным направлениям на уроке литературного чтения в 12-летней системе образования. При интерпретации содержания статьи сначала дается общая характеристика исследований, посвященных контент-областям, и рассматриваются их достижения и недостатки. А для 12-летнего образованияt предметный стандарт, обсуждались условия их практики. В статье описывается эволюция контент-ориентации. На учебном занятии обсуждались содержательные направления, их использование, реализация. Обсуждены формы и методы практики контент-ориентации. При этом выбор методов практики содержательной направленности, их выбор в зависимости от содержания темы, классификация, компетентность в содержании содержательной направленности, их состав также толковались в статье. В качестве практической части контент-направления были интерпретированы оценки, типы оценок. Место, роль в практике диагностических, формативных, суммативных форм в практике содержательной ориентации

**Ключевые слова.** Предмет литературного чтения, содержательные области, технологии обучения, творческая компетентность, читательская компетентность

**Abstract**

The content of the article was devoted to the content areas of the literary reading lesson in the 12-year education system. When interpreting the content of the article, a general description of the research on content areas is provided, and their achievements and shortcomings are discussed. For the 12-year education system, the subject standard was discussed, and the conditions for their practice were analyzed. The article describes the evolution of content orientation. The content areas, their use, and implementation were discussed in the classroom. The forms and methods of content orientation practice were also discussed. At the same time, the choice of methods of content-based practice, their selection depending on the content of the topic, classification, competence in the content of content-based practice, and their composition were also interpreted in the article. As a practical part of the content-based direction, assessments and types of assessments were interpreted. The place and role of diagnostic, formative, and summative forms in the practice of content-based orientation

**Keywords.** Subject of literary reading, content areas, teaching technologies, creative competence, reading competence

**Киришүү.** Адабий окуу – кенже курактагы балдарды окутуу системасындагы негизги окуучунун кыргыз тили менен катар функционалдык сабаттуулукту калыптандырат, Билим - баланын жалпы өнүгүүсүн жана тарбиясын жүргүзөт. Адабият курсун ийгиликтүү үйрөнүү - бул окуу башталгыч класстын башка предметтери боюнча окутуунун натыйжалуулугун мектептерде камсыз кылат. Адабий окуунун баштапкы курсунун өзгөчөлүгү анын предметтер менен интеграциялап окутуу башкы планга коюлат. Бул эки предмет бирдиктүү филологиялык окууну үйрөнүүнү баштапкы адабий образдуулук менен айкалыштырган курс - окуу жана кыргыз тилин үйрөнүү болуп саналат. Чындыгында, окууну үйрөнүү - окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү, адабий текстти кабылдоону өнүктүрүү, окуу - окурмандын өз алдынчалыгын аныктайт.12 жылдык билим берүүгө арналган предметтик стандарттын жалпы талабы кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин интеграциялап окутуу, адабий окуу жана кыргыз тили боюнча билим берүү талабы сунушталды.

**Актуалдуулугу. Башталгыч класста к**ыргыз тили жана окуу предметтери окуучулардын функционалдык сабаттуулугун, коммуникативдик жана окурмандык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталат. Булар окуучулардын алгачкы сабаттуулугун ачуу менен бирге, эне тилинде ой жүгүртүүсүн, интеллектуалдык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн каражаты, башка предметтерди да өздөштүрүүнүн натыйжалуулугун камсыздайт жана алардын негизи болот. Баланы инсандык үлгү сапаттарга тарбиялоого, социалдаштырууга кызмат кылат. Демек, адабий окуу жана кыргыз тили сабактарын окутуу окуучунун - билим алуудагы ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзөт. Башталгыч билим берүүдө эне тилин окутуу интеграциялык мүнөзгө ээ. Окутуу “Алиппе”, “Адабий окуу”, “Кыргыз тили” окуу китептери менен окутулат. Демек, Алиппе китебинен окуу жана жазууну үйрөнүүдө тамгаларды туура, шар, сезимдүү окуу менен тамганын элементтерин туура, катасыз, сулуу жазууга үйрөнүү менен алиппе окуулугунан алгачкы тилдик жана адабий билим берүүнү үйрөнөт. Ал эми адабий окуу китебиндеги материалдар окуучунун окурмандык, чыгармачылык компетенттүүлүгү, кыргыз тили предмети аркылуу окуучунун тилдик коммуникативдик компетенттүүлүгү калыптанат. Кыргыз тили жана адабий окуу предметттери башталгыч мектептеги - интеграциялык жана дифференциялык окутууну ишке ашыруучу флагман болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты -** 12 жылдык билим берүүдөгү кыргыз тили жана адабий окуу предметтерининин окутуунун жаныча мамилесин талдоо.

**Адабиятка сереп.** Башталгыч класста кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин окутуу, алар аркылуу окуучунун инсандыгын калыптандыруу боюнча профессор И.Бекбоевдин, А.Алимбековдун, Э.Мамбетакуновдун, Т.Сияевдин эмгектеринде, ал эми аларды окуучуга үйрөтүүнүн методикалык талаптары К.Иманалиевдин, Б.Алымовдун,

С.Турусбековдун, К.Сартбаевдин, Б.Рысбекованын, А.Осмонкуловдун, Н.Ишекеевдин, А.Муратовдун, С.Рысбаевдин, А.Токтомаметовдун, С.Сакиеванын, Б.Абдухамидова ж.б.лардын илимий изидөөлөрүндө чагылдырылды. 12 жылдык билим берүүнү башталгыч класста окутуу жана тарбиялоого карата С.Рысбаевдин, А.Токтомаметовдун, Б.Абдухамидованын башталгыч класстарга арналган предметтик стандарты, окуу программасы, окуу китептери сунушталды. Кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин окутуу, анын мындан ары өркүндөтүүгө карата алды да иштелчү изилдөөлөр, аны мектеп тажрыйбасына сунуштоо боюнча биз ушул излдөөлөргө таяна алдык. Ал эми бул макаланын мазмунун талдоодо биз С.Турусбековдун, С.Рысбаевдин, А.Токтомаметовдун, С.Сакиеванын, Б.Абдухамидованын эмгектери негиз катары пайдаланылды.

**Методологиялык методдор.** Макаладагы жыйынтыктуу жетишкендиктерди алууга жана корутундуулоого гуманитардык илим изилдөө багытында колдонулуучу методологиялык ыкмалар пайдаланылды. Анткени совет жана эгемендүүлүк мезгилиндеги эне тилин окутуу методикасынын калыптанып, өнүгүшүн изилдөө бир катар методологиялык принциптерге жана методдорго таянып талдоону талап кылат. Ошондуктан советтик жана эмгемендүүлүк мезгилиндеги адабий окуунун методикасынын өнүгүү тарыхын изилдөө бир катар методологиялык принциптерге жана ыкмаларга таянуу аркылуу ишке ашты. Изилдөөнүн методологиясы, объективдүүлүк, илимий, ар тараптуулук, тарыхый жана логикалык биримдик, педагоогикалык принциптеринен турат. Бул принциптерди ишке ашыруу документалдык булактарды жана тарыхый фактыларды терең изилдөөгө, алардын ортосундагы себептик байланыштарды түзүүгө жардам берет. Тарых багытында изилденүүчү проблемага илимий өнүттө анализ жүргүзүүдө тарыхый принциптерге жана методдорго таянуу менен ишке ашары

белгилүү. Кыргыз адабиятын окутуунун кыргыз тил жана адабий окуу маселесинде алгач сүрөттөө, же сыпаттама метод колдонулуп, коомдогу окутуунун жана тарбиялоонун абалы, аларды өркүндөтүүнүн жолдорун талдоо үчүн колдонулду.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Окуу сабактарында 1-4-класстарда окуучунун жалпы эле окуу ишмердигин түптөөдөн баштап, ар кыл тематикада, кептин түрлөрүнө (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана стилдерине (публицистикалык, таанышуучулук, коомдук-маданий, көркөм) ылайык тексттерди окуп үйрөнүүгө, талдап түшүнүүгө, натыйжада окурмандык ишмердикке багыттайт. [7, 4-бет]. Окуу сабагында мазмундук багыттар мезгилдин агымына жараша сунушталып, толукталып келүүдө. Мазмундук кыргыз педагогикасында 1960-жылдардан баштап илимий-изилдөөлөрдө каралды, бөлүндү. Мектеп тажрыйбасына сунушталып келе жатат.

Кыргыз дидактикасында эн алгач окуу сабагында окуунун түрлөрү аркылуу үйрөтүү С. Турусбековдун изилдөөсүндө каралды, практикаланды. Окумуштуу окуунун мазмундук багыттары окуунун түрлөрү аркылуу ишке аша тургандыгын бегилейт. Башталгыч класстын окуучуларына түшүндүрүп окутуу - бул окуунун бардык түрүн ичине алат да, аны кандай кылып окуучуларга үйрөтүүнү максат кылуу менен аны ишке ашырууда окуунун төрт түрү аркылуу, т.а. туура, шар, сезимдүү, көркөм окуу менен окуучунун окуусун калыптандыруунун белгилейт (11,107-б).

Ал эми адабий окуу китебинин автору А.Токтомаметов өзүнүн изилдөөсүндө окуунун мазмузмундук багытынын төмөнкү формада сунуштаган. Окумуштуу мазмундук багыттарды төмөнкүчө бөлүштүргөн. Мында мазмундук багыт окурмандык ишмердүүлүк, анын курамы аркылуу ишке аша тургандыгын сунуштайт.Ал эми булар окуучунун чыгармачылыгы аркылуу коштолот деген пикирин сунуштайт. Адабий окуу окуучулардын текстти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен чектелбестен, алардын окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү деңгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат. Адабий окуу предметинин адабий окуу деп аталышы да мына

ушуга негизделет б. а. окуу предмети мурдагыдан айырмаланып, анын адабийлүүлүгү күчөтүлөт. Анткени, ар кандай чыгарманы кабыл алуу – бул биргелешкен чыгармачылык, автор менен окурмандын биргелешкен чыгармачылыгы (М.М.Бахтин), ал эми сабак процессинде талдоого алуу — мугалим менен окуучунун биргелешкен орток чыгармачылыгы (Г.Н.Кудина) болсо, образдарды, каармандарды үлгүсүз кабыл алуу (айрыкча, жомокторду оозеки угууда) чыгармачылык (Л.С.Выготский).Демек, мазмундук багыттар окуучунун чыгармачылыгы аркылуу өнүгө тургандыгын белгилейт .[10, 8-бет].

С.Рысбаевдин изилдөөсүндө адабий окуунун мазмундук багыттары катары китеп окууну уюштуруу, окуунун ыкмалары, окуунун классификациясы,китеп окуунун адабият таануучулук жана педагогикалык функциялары боюнча классификациялайт [8, 19-бет 60].

С.Сакиеванын изилдөөсүндө адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык багыттарынын дидактикалык, прикладдык шарттарын колдонууга, тексттин моделин түзүү менен окуунун мазмундук багыттарын аныктоону сунуштаган [8,115, 167-бет].

Б.Абдухамидованын изилдөөсүндө окуу ишмердигин ин формалары жана методдору, окуунун түрлөрнү колдонуунун курамы, аларды чыгарманын т.а. адабий жана элдик оозеки чыгармалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен колдонуунун ыкмалары жана жолдору каралган [1,137-220]. Жалпысынан алганда, адабий окуу предметинин мазмундук багыттары дайыма окутуу процессинде активдүү формада колдонулуп келе жатат. Ал замандын талабына жараша толукталып, жаңыланып, өркүндөтүлүп турат. Бирок ошондой болсо да адабий окуунун мазмундук багыттары өзүнүн актуалдуулугун жоготпой келе жатат.

12 жылдык билим берүүгө арналган башталгыч класстын окуу жана кыргыз тилине арналган предметтик стандартында мазмундук багыт эки багыт боюнча сунушталды. **1-мазмундук багыт: Окурмандык ишмердигин өнүктүрүү** Мында окуучулар адегенде текст окуу көндүмү калыптануу менен көркөм маанайдагы тексттерди окуу менен, адабий терминдерди жана түшүнүктөрдү өздөштүрүү камсыз болууга, окуучулар балдар үчүн классикалык адабиятынын үлгүлөрү менен тааныштыруу, окуу жана түшүнүү ишмердиги, андан ары окурмандык ой жүгүртүүсүн кеңейтүү каралат. **2-мазмундук багыт: Эмоционалдык-баалуулук мамилелер тажрыйбасын өнүктүрүү.** Окуган тексттин мазмунун түшүнүү, адабий чыгармалардын идея-тематикалык табиятын түшүнүү, каармандарына, образдарына баа берүү, оң жана терс каармандарды түшүнө билүү, алар аркылуу жаман менен жакшыны ажырата билүү (11, 9-бет). Мазмундук багыттардагы иш-аракеттери бири-бири менен айкалышта ишке ашат, алар улам кийинки класстарда окуу материалдары уланмалуулук аркылуу тереңдетилип кеңири өздөштүрүлөт. Окуучулардын кебин өстүрүү жана баарлашуу, окуу ишмердигин өнүктүрүү иштери сүйлөө-жазуу жана окуу жана түшүнүү ишмердиги менен бирге ырааттуу ишке ашат тургандыгын белгилөөгө болот. Демек, адабий окуу сабагындагы мазмундук багыттар балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен классификацияланат. Ушул бөлүштүрүүлөргө таянуу менен окуу программасынын талаптарына таянуу менен биз мазмундук практикалык багыттарын төмөнкүдөй классификациялоону сунуштадык..

**Биринчи окуу** программасында беш негизги окуу сабагынын төмөнкү мазмундук линиясы каралат. Окуу чөйрөсү жана окуу тажрыйбасы каралып, мында авторлордун тизмеси, чыгармалары менен тааныштыруу башталгыч мектепте балдардын окуусу үчүн сунушталат. **Экинчи мазмундук** окуу техникасы - окуу процессин калыптандыруунун негизги мазмунун аныктайт (ыкмасы, ылдамдыгы, тууралыгы ж.б.). **Үчүнчү мазмундук** багыт баштапкы адабий билим берүү болуп саналат. Ал башталгыч класстын окуучуларына адабияттын негизги терминдери жөнүндө багыт берет, аны өздөштүрүүнүн жолдорун аныктайт. Мазмундук багыттын төртүнчү формасы катары окуучунун окурмандык ишмердүүлүгүн калыптандыруу менен башталгыч класстын окуучусунун китеп окуу жөндөмдүүлүгүн, өз алдынча китеп окуу ишмердигин камсыздайт. Мазмундук багыттын **бешинчи формасында** кеп ишмердүүлүгүнүн формалары окуп-үйрөтүлөт. Мында окуучунун визуалдык, угуу, окуу, сүйлөө, жазуу компетенцияларын калыптандыруунун

биримдигин окуп-үйрөтүлөт. Жогорудагы бөлүштүрүүлөр окуучунун окуу сабагында компетенттүүлүгүн калыптандыруу шартын түзүү максатын көздөйт.

**Окуу сабагынын мазмундук багыттары менен окуучунун төмөнкү окуу компоненттери калыптанат (11, 14-бет).**

**1.Окурмандык компетенттүүдүктө** текстти окуу жана түшүнүү технологиясы менен иштөө ишке ашырылат. Демек, бул компетенттүүлүккө ээ болушу үчүн текстти туура, шар, сезимдүү, көркөм окууга жетишүүсү, тексттин мазмунун түшүнүү үчүн окуу жана түшүнүү технологиясы менен иштөө практикаланат. Окурмандык компетенттүүлүктүн калыптанышын камсыздоо маселеси турат. Бул компетенттүүлүктү өздөштүрмөйүнчө, башка иш-аракетке өтүү мүмкүн эмес экендигин белгилөөгө болот. Окурмандык компетенттүүлүк - бул адабий окуу сабагынын алгачкы мазмундук багыты катары каралууга тийиш.

**2.Эмоционалдык-баалуулук компетенттүүлүктө** чыгарманын мазмунун ажырата алуу менен чыгарманын мазмунун түшүнүп окуу менен окурмандык маданиятын калыптандыра алат, кеп маданиятынын бардык түрлөрү менен иштей алат,чыгарманын каармандарынын образын талдоо менен аларга баа беришет, аларга болгон ички, сырткы эмоциясын билдиришет, тексттин мазмунундагы эмоционалдык абалды түшүнүшөт. Демек, бул компетенттүүлүк алгачкы компонент болуп саналат

**4.Адабий-чыгармачыл компонентте** текстти маанисин түшүнүү менен чыгарманын мазмунуна, анын каармандарына чыгармачылык менен ой жүгүртүп, аларга баа берүүгө, чыгармачыл ой жүгүртүүгө, чыгармага өз оюн билдирген чакан текст, эссе, ыр жазууга, чыгарманын мазмунун түшүнүп, аны баалоого, чыгармаларды айрмалоого, алар менен өз алдынча иштөө көндүмү пайда болотт. Демек, бул компетенттүүлүк окуу процессинде негизги компонент катары бааланат.

**4.Социо-маданий компетенттүүлүктө** кептик, тилдик жана окурмандык компетенттүүлүк менен өз ара карым-катышта социомаданий баалуулуктары калыптанат. Демек, бул компетентүүлүк окуу предметинин мазмундук багытынын негизги компетент катары каралат.

Адабий окуу сабагында компетенттүүлүк процессин жүргүзүү үчүн методдорду тандоо, аны колдонуу болуп эсептелет. Методдорду тандоодо жана колдонууда адабий окуу сабагынын өзгөчөлүктөрү да эске алынууга тийиш. Белгилүү окумуштуу А.Муратов: ” Ар бир чыгарманын мазмуну боюнча да тандоо да баалуу. Сабакты өтүүнүн белгилүү формасы болгонуна карабастан сабакты дагы да активдүү, дагы да жандуу, кызыктуу уюштуруу үчүн сабакка чейин, сабак башталганда, сабактын жүрүшүндө, сабактын сонунда сабактын темасынын мазмунуна жараша методдорду тандап алууну” сунуштаган **(6, 8-13-бет.)** Демек, тексттин мазмунун талдоодо методдорду тандоо процесси башкы планга коюлат. Ушул жерден бизде окуучунун компетенттүүлүгүн калыптандыруу үчүн кайсыл методду тандоо ыңгайлуу деген мыйзамдуу суроо туулат

Окуу сабагында окуучунун ишмердүүлүгүндө оозеки кеп менен иштөө басымдуулук кылат. Демек, методду тандоодо биз ушул процесске өзгөчө көнүл бурабыз. Дагы бир эске алуучу жагдай биз окутуунун жаны технологияларына басым жасашыбыз зарыл. Ошондой эле метод тандоодо биз чыгарманын жанрын, окуучунун ой жүгүртүүсүн активдештирүүчү методдор, балдардын жаш өзгөчөдүктөрүн дагы эске алышыбыз керек.

Текстти талдоодо чакыруу, түшүнүү, ойлонуу технологиясы боюнча колдонууну сунуштоого болот [1,14-бет]: **ЧАКЫРУУ (** Мээ чабуулу кластер түгөйлөшүп окуу жетелеме суроолор,, түйүндүү сөздөр эссе Б-Б-Б к ,кроссворд),**ТҮШҮНҮҮ (** Т-схемасы сынчыл окуу, сүрөт менен иштөө ,инсерт, бири-бирин окутуу бири-бирин суроо), **ОЙЛОНУУ (**Венндин диаграммасы биргелешип иштөө топторго бөлүнүп иштөө синквейн эссе).

Биз жогорудагы технологияларга кошумча иретинде Сингапур системасы менен иштөө практикаланууга тийиш. Окуу предметин жүргүзүүдө биз 5Е моделин жана 4К көндүмү технологиясын колдонууну практикалоо керек .

**4К — бул 21-кылымдын билим берүү чөйрөсүндөгү негизги 4 универсалдуу компетенттүүлүк:**

**1. Креативдүүлүк (чыгармачылык)** — идея ойлоп табуу, көйгөйдү чыгармачыл чечүү.

**2. Критикалык ой жүгүртүү** — маалыматты талдоо, туура жана туура эмес берилгенин ажыратуу.

**3. Коммуникация** — өз оюн так жеткирүү, түшүнүү жана пикир алмашуу.

**4. Кооперация (кызматташтык)** — жамаатта иштөө, бирге чечим кабыл алуу.

**5E модели — конструктивизмге** негизделген окутуунун эффективдүү методикасы болуп саналат Ал 5 этаптан турат

**1. Engage (Тартуу)** — окуучунун көңүлүн бурдуруу, кызыгуусун ойготуу, алдын ала билимин аныктоо.

**2. Explore (Изилдөө)** — практикалык иштер, тажрыйбалар аркылуу теманы өз алдынча изилдөө.

**3. Explain (Түшүндүрүү**) — окуучулар өз ойлорун билдирет, мугалим теманы жалпылайт, түшүндүрөт.

**4. Elaborate (Кеңейтүү)** — алынган билимди тереңдетүү, башка кырдаалда колдонуу.

**5. Evaluate (Баалоо**) — өзүн-өзү жана бири-бирин баалоо, рефлексия, жетишкендикти аныктоо.

Бул моделдерди колдонуу, аны менен иштөө учурда республиканын мектептеринде колдонулуп, практикаланууда. Адабий окуу сабагында бул моделди колдонуу менен тексттин мазмунун талдоого мүмкүнчүлүк берилет. Биз келечекте башталгыч класста адабий окуу сабагында жогорудагы технологияларды колдонуу менен адабий окуу сабагындагы мазмундук системаны толуктап, өркүндөтөбүз. Адабий окуу сабагынын мазмундук багытынын курамында баалоо системасы толуктап турат. Башталгыч класстагы окуучулардын жетишкендиктерин баалоо төмөнкү принциптердин негизинде ишке ашырылат:

**1.Критерийлүүлүк** – маанилүү башкаруу жана баалоо, окуучулар менен бирдей критерийде курулат. Окутуунун негизинде бирге иштелип чыккан критерийлер ар бир окуучу тарабынан алдын ала белгилүү жана ачык-айкын болушу керек;

**2.Өзүн-өзү баалоонун артыкчылыктары** – Окуучунун өзүн-өзү баалоосу мугалимдин баалоосунан мурдараак болушу башталгыч класстарындагы окуучулардын белгилүү бир критерийлер менен башкалардын ишин баалоого үйрөтөт.

**2.Ийкемдүүлүк жана өзгөргүчтүк** – натыйжалуу башкаруу жана баа берүү сунушу менен окуучуларды камсыз кылуу, окутуу ишин изилдөө үчүн ар түрдүү жол-жоболорду жана методдорду колдонуу, өз жыйынтыктарын түрдүү ыкмалар менен көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү.

**4.Методдордун жана инструментарийлердин текшерүү жыйынтыктарын баалоо жана шайкештигин сактоо адекваттуулугу** – окуучулар өтүлгөн материалдарга байланыштуу тапшырмаларды аткаруусу менен бааланyусу. Материалдын мазмунун түшүнүп билүү деңгээлин баалоодо ар түрдүү методдорду колдонуу мугалимге окуучулардын керектүү билим алуусу менен окутууну дифференцияцалоосуна мүмкүндүк берет. Бул принциптерди аткарууда баалоонун төмөнкү түрлөрү окуу сабагында колдонулат. **1. Диагностикалык баалоо.** Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныктап алуусуна, окуучуга тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүүгө жана аны өркүндөтүүгө негиз болот. **2. Калыптандыруучу баалоо.** Баалоонун бул түрү – баланын теориялык билими менен практикалык машыгуулары күн сайын үзгүлтүксүз түрдө байкалып, текшерилип турушу, анын калыптануу процессин туюнтулушу, т.а. баланын билиминин калыптанышынын максаттуу түрдө үзгүлтүксүз байкалып-бааланып турушу. **3. Суммативдик баалоо.** Баалоонун бул түрү – окуучунун окуу ишмердигин баалоону андан ары улантат, т.а. жыйынтыктайт, жыйынтык баа коет.

**Жыйынтык.** Макаланын мазмуну окуу сабагындагы мазмундук багыттарга арналды. Мазмундук багыт - бул окуу сабагын системалуу жүргүзүүгө багыт берүүчү, системага салуучу фонемен болуп саналат. Мазмундук багыт аркылуу окуу сабагы системага салынат, колдонууга, өркүндөтүүгө мүмүкүнчүлүк түзүлөт. Мазмундук багыт окуу сабагынын системалуу жүргүзүү, аны практикада колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт. Мазмундук багыт окуу сабагын уюштуруунун формаларын жана методдорун көзөмөлдөйт. Мазмундук багыттар предметтик стандарттын жетекчилиги менен жүргүзүлөт, айрым бир өзгөрүүлөр, толуктоолор болгондо кошумчаланат, өркүндөтүлөт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдураимова З. Мугалим, сабак жана сынчыл ойлом стратегиясы.- Ош, 2021-271 б.б.
2. Абдухамидова Б. Окурмандык ишмердүүлүктү калыптандыруу. -Бишкек, 2024
3. Абдухамидова Б., Рысбаев С., Ибраимов К.Адабий окуу. Кыргыз мектептеринин 2-классы окуу китеби.-Бишкек, 2013
4. Бекбоев И., Алимбеков А. Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиялары.-Бишкек, 2011
5. Бекбоев И.Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык негиздери.- Бишкек, 2025
6. Муратов А., Акматов К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаны технологиялары.-Бишкек, 2023
7. ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ .«КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА ОКУУ». окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын .1-6-класстары үчүн. -Бишкек, 2025
8. Рысбаев С. Баланын китеп окуусун уюштуруу технологиялары.-Бишкек, 2022
9. Рысбаев С. Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кенеш.-Бишкек, 2013
10.Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери.-Бишкек, 2010
11.Турусбеков С., Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасы.-Фрунзе, 1965
13.Токтомаметов А.Д. Башталгыч класстары үчүн Адабий окуу китептеринин дидактикалык негиздери. Кандидаттык диссертациянын автореферати.-Бишкек, 1995.-20 б.

УДК 31.018.43

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУДА МАКАЛДАРДЫН ИНТЕРПРЕТАЦИЯЛАНЫШЫ

Наркеева Акылай Анарбековна
**ORCID:**0009-0002-1084-8841
Улук окутуучу, ОшМПУ.
Akylainarkeeva5@gmail.com

## ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ПОСЛОВИЦ В ОРГАНИЗАЦИИ ВНЕКЛАССНОЙ РАБОТЫ

Наркеева Акылай Анарбековна
старший преподаватель, ОшГПУ.
Akylainarkeeva5@gmail.com

## INTERPRETATION OF PROVERBS IN THE ORGANIZATION OF EXTRACURRICULAR ACTIVITIES

Narkeeva Akylay Anarbekovna
senior lecturer, Osh State Pedagogical University
Akylainarkeeva5@gmail.com